# ЭФОТК (IFRIC) 1 түшүндүрмөсү
***"Объекттерди эксплуатациялоодон чыгаруу, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча болгон милдеттенмелердеги жана ушул сыяктуу милдеттенмелердеги өзгөрүүлөр»***

## Шилтемелер

- "*Ижара*" ФОЭС (IFRS) 16
- "*Финансылык отчеттуулукту берүү*" ФОЭС (IAS) 1 (2007-ж. кайра каралган)
- "*Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*» ФОЭС (IAS) 8
- «*Негизги каражаттар*» ФОЭС (IAS) 16 (2003-ж. кайра каралган)
- "*Зайымдар боюнча чыгымдар*" ФОЭС (IAS) 23
- "*Активдердин наркынын түшүшү*" ФОЭС (IAS) 36 (2004-ж. кайра каралган)
- "*Бааланууччу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер*" ФОЭС (IAS) 37

## Баштапкы маалымат

1 Көп ишканалардын негизги каражаттар объекттерин демонтаждоо жана жоюу, ошондой эле алар ээлеген жеринде курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча милдеттенмелери бар. Бул түшүндүрмөдө мындай милдеттенмелер «объекттерди эксплуатациялоодон чыгаруу, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча болгон милдеттенмелер жана ушул сыяктуу милдеттенмелер» деп аталышат. ФОЭС (IAS) 16га ылайык, негизги каражаттардын объектисинин баштапкы наркы объектти демонтаждоого жана жоюуга чыгымдардын баштапкы эсептик баалоосун, ошондой эле аларга карата ишкана же болбосо объектини сатып алууда, же болбосо бул мезгил ичинде өндүрүштүк запастарын түзүү менен байланышпаган максаттарда белгилүү мезгил аралыгында аны пайдалануунун натыйжасында өзүнө милдеттенме кабыл алган, алар ээлеген жеринде курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүүнү камтыйт. ФОЭС (IAS) 37де объекттерди эксплуатациялоодон чыгаруу, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча милдеттенмелерди жана ушул сыяктуу милдеттенмелерди баалоо ыкмаларына тийиштүү талаптар кирет. Бул түшүндүрмө объекттерди эксплуатациялоодон чыгаруу, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча болгон милдеттенмелердин жана ушул сыяктуу милдеттенмелердин баалоосундагы өзгөрүүлөрдүн кесепеттерин эсепке алууда ойдогудай чагылдырылышына карата сунуштамаларды камтыйт.

## Колдонуу чөйрөсү

2 Бул түшүндүрмө объекттерди эксплуатациялоодон чыгаруу, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча болгон кандай болбосун милдеттенмелерди жана ушул сыяктуу милдеттенмелерди баалоодогу өзгөрүүлөргө карата колдонулат, алар бир эле убакта::

(a) ФОЭС (IAS) 16га ылайык негизги каражаттардын объектисинин наркынын бөлүгү катары же ФОЭС (IFRS) 16га ылайык колдонуу укугу формасындагы активдин наркынын бөлүгү катары таанылат; ошондой эле; ошондой эле

(b) ФОЭС (IAS) 37ге ылайык милдеттенме катары чагылдырылган.

Мисалы, объекттерди ФОЭС (IAS) 37ге ылайык милдеттенме катары чагылдырылган эксплуатациялоодон чыгаруу, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча милдеттенмелер жана ушул сыяктуу милдеттенмелер өнөр жай комплексин эксплуатациялоодон чыгарууга, тоо-кен казуу тармактарындагы экологиялык зыянды жоюуга же жабдууларды чыгарууга карата болушу мүмкүн.

## Суроо

3 Бул түшүндүрмөдө объекттерди эксплуатациялоодон чыгаруу, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча болгон милдеттенмени жана ушул сыяктуу милдеттенмени баалоону өзгөртө турган төмөнкү окуялардын таасиринин тийиштүү түрдө эсепке алынышы каралат:

(a) экономикалык пайданы өзүнө камтыган ресурстардын болжолдуу чыгуусундагы (мисалы, акча каражаттарынын агымдарындагы) өзгөрүү, алар мындай милдеттенмени төлөө үчүн керек болушат;

(b) ФОЭС (IAS) 37нин 47-пунктунун аныктамасына ылайык дисконттоонун учурдагы рыноктук ставкасынын өзгөрүшү (акчанын убакыт ичиндеги наркынын жана бул милдеттенмеге мүнөздүү болгон тобокелдиктердин өзгөрүшүн кошо алганда); ошондой эле

(c) убакыттын өтүшүн чагылдырган көбөйүү (дисконттун жабылышы деп да аталган).

## Консенсус

4 Мындай милдеттенмени төлөө үчүн керек болгон же дисконттоо ставкаларынын өзгөрүшү менен экономикалык пайдаларды түзгөн ресурстардын чыгышынын болжолдуу мөөнөттөрүнүн же көлөмүнүн өзгөрүшү менен шартталган, объекттерди эксплуатациялоодон чыгаруу, курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча болгон милдеттенмелерди жана ушул сыяктуу милдеттенмелерди баалоодогу өзгөрүүлөр төмөндө айтылган 5 – 7-пункттарга ылайык эсепке алынууга тийиш.

5 Эгер тиешелүү активди баалоо баштапкы нарк боюнча эсепке алуу моделин колдонуу менен жүргүзүлсө, анда:

(a) (b) пунктун эске алуу менен, милдеттенмедеги өзгөртүүлөр учурдагы мезгилде тиешелүү активдин баштапкы наркына кошулууга же андан алып салынууга тийиш;

(b) активдин баштапкы наркынан алып салынган сумма анын балanстык наркынан ашпоого тийиш. Эгер милдеттенменин суммасынын азайышы активдин балансттык наркынан ашса, мындай ашып кетүү пайданын же зыяндын курамында токтоосуз таанылууга тийиш;

(c) эгер мындай оңдоп-түзөө активдин баштапкы наркынын көбөйүшүнө алып келе турган болсо, ишкана бул активдин жаңы баланстык наркы толугу менен орду толтурулуучу болуп саналбай тургандыгынын белгиси болуп эсептелеби же жокпу талдап чыгышы керек. Эгер бул ошондой болуп калса, анда ишкана анын орду толтурулуучу наркынын эсептик баалоосунун негизинде активди нарктын түшүшүнө тестирлөөгө жана эсепке алууда ФОЭС (IAS) 36га ылайык нарктын түшүшүнөн тартылган кандай болбосун зыянды көрсөтүүгө тийиш.

6 Эгер тиешелүү активди баалоо кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделин колдонуу менен жүргүзүлө турган болсо, анда:

(a) милдеттенменин өзгөрүшү бул активге карата мурда таанылган кайталап баалоодон нарктын өсүшүнүн же азайышынын көлөмүн төмөнкүдөй түрдө өзгөртөт:

(i) милдеттенменин азайышы ((b) пункту эске алынуу менен) башка жыйынды кирешенин курамында таанылууга жана капиталдын курамында кайталап баалоодон нарктын өсүү эсебинин кредитине таандык болууга тийиш, бирок ал жалпы жыйынды кирешенин курамында пайданын же зыяндын курамында мурда таанылган кайталап баалоодон активдин наркынын азайышы калыбына келтирилген даражада таанылууга жатат;

(ii) милдеттенменин көбөйүшү пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш, андан сырткары ал башка жыйынды кирешенин курамында таанылууга жана тиешелүү активди кайталап баалоодон өсүү эсебиндеги мурун болгон кредиттик сальдонун суммасындагы капиталдын курамында кайталап баалоодон нарктын өсүү эсебинин дебетине таандык болууга тийиш.

(b) эгер милдеттенменин азайышы тааныла турган баланстык нарктан аша турган болсо, эгер актив баштапкы нарк боюнча эсепке алуу моделин колдонуу менен чагылдырылса, бул ашып кетүү пайданын же зыяндын курамында токтоосуз таанылууга тийиш;

(c) милдеттенменин өзгөрүшү отчеттук мезгилдин аягына карата адилет нарк боюнча баалоодо алынышы мүмкүн болгон көрсөткүчтөн баланстык нарктын олуттуу айырмаланышынан оолак болуу үчүн активди кайталап баалоого туура келеринин белгиси болуп саналат. Кандай болбосун мындай кайталап баалоо пайдага же зыянга жана (a) пунктуна ылайык башка жыйынды кирешеге таандык кылынууга жаткан суммаларды аныктоодо көңүлгө алынууга тийиш. Эгер кайталап баалоого зарылдык жаралып калса, ал бул түргө таандык болгон бардык активдерге карата жүргүзүлүүгө тийиш.

(d) ФОЭС (IAS) 1 маалыматтын башка жыйынды кирешенин же зыяндын ар бир компоненти боюнча жыйынды киреше жөнүндө отчетто ачып көрсөтүлүшүн талап кылат. Бул талаптын аткарылышы үчүн милдеттенменин өзгөрүшүнө байланыштуу келип чыккан кайталап баалоодон нарктын өсүшүндөгү өзгөрүүнү өзүнчө идентификациялоо жана ачып көрсөтүү керек.

7 Активдин оңдоп-түзөтүлгөн амортизациялануучу наркы анын пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аралыгында амортизацияланат. Ошентип, тиешелүү актив пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягына жеткенде, милдеттенменин кийинки өзгөрүүлөрүнүн бардыгы алар келип чыкканына жараша пайданын же зыяндын курамында таанылууга жатат. Бул баштапкы нарк боюнча эсепке алуу моделине да, кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделине да тийиштүү.

8 Дисконттун мезгил-мезгили менен жабылышы анын келип чыгышына жараша финансылык чыгымдар катары пайданын же зыяндын курамында таанылууга жатат. ФОЭС (IAS) 23кө ылайык капиталдаштырууга жол берилбейт.

## Күчүнө кирүү күнү

9 Ишкана ушул түшүндүрмөнү 2004-жылдын 1-сентябрынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонуу кубатталат. Эгер ишкана ушул түшүндүрмөнү 2004-жылдын 1-сентябрына чейин башталган мезгилдерге карата колдоно турган болсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө милдеттүү.

9A ФОЭС (IAS) 1 (2007-ж. кайра каралган) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарында колдонулган терминологияга түзөтүүлөрдү киргизди. Мындан тышкары, көрсөтүлгөн стандарттын 6-пунктуна түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгер ишкана ФОЭС (IAS) 1ди (2007-ж. кайра каралган) алда канча эрте мезгилге карата колдоно турган болсо, түзөтүүлөр мындай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

9B 2016-жылдын январында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 16 менен 2-пункта түзөтүүлөр киргилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 16ны колдонуу менен бир эле убакта колдонууга тийиш.

## Эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

10 Эсеп саясатындагы өзгөртүүлөр *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8дин талаптарына ылайык эсепке алынууга тийиш.[1]

---

1 Эгер ишкана ушул түшүндүрмөнү 2005-жылдын 1-январына чейин башталган мезгилге карата колдоно турган болсо, мындай ишкана *«Мезгил ичиндеги таза пайда же зыян, эсеп саясатындагы фундаменталдык каталар жана өзгөртүүлөр»* деп аталган ФОЭС (IAS) 8дин мурунку редакциясынын талаптарын аткарууга тийиш, эгер ишкана көрсөтүлгөн алда канча эрте мезгилге карата бул стандарттын кайра каралып чыккан вариантын колдонбосо гана.

 © IFRS Foundation